**Маалымдама**

Математика боюнча диагностикалык иштин максаты: Окуучуларынын математика боюнча жалпы билим деңгээлин баалоо - математика курсунун негизги түшүнүктөрүн өздөштүрүүсүн, математикалык билимди колдоно билүүсүн, математикалык белгилөө жана практикага багытталган маселелерди чечүү.

Жыйынтыгында 5-11-класска чейин окуучулардын билим сапатынын деңгээли төмөн экендигин көрсөтүшүп, билим сапатынын орточо көрсөткүчү 12 %ды, жетишүүсү 38 %ды түздү . Орто эсеп менен алганда иш 40 %дан аз аткарылган. Анын себептери: Мектеп 2022-2023-окуу жылында жаңы ачылгандыктан, ар тараптан ар кандай деңгээлде окуган окуучулар келишти. Мектептин ички көзөмөлү менен жүргүзүлгөн текшерүүгө ылайык көпчүлүк окуучулар каанаттандырарлык баага окушары маалым болду. Анын негизги себептери катары:

- үй тапшырмаларын такай аткарбагандыгы;
- окууга болгон мотивациясынын чабалдыгы;
- көпчүлүк учурларда ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) тарабынан жетиштүү деңгээлде көзөмөлдүн жоктугу;
- өтүлгөн материалды өздөштүрүүдөгү билимдердин жетишсиздиги.

Ал эми 1-чейрекке карата билим сапатынын орточо көрсөткүчү 30% ды, жетишүүсү 82 %ды түздү. Бул көрсөткүч алгачкы диагностикалык текшерүү ишинин билим сапатына караганда орточо көрсөткүчү 18%га, ал эми жетишүүсү 44%га жогорулагандыгын көрсөтүп турат.

Билим сапатынын жалпы деңгээли ортодон төмөн, бул бизге “тобокелдик тобундагы”окуучуларды бөлүп көрсөтүүгө укук берет.

**Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары** Ж.Г. Шадыбекова

**Маалымдама**

Кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча диагностикалык иштин максаты: Окуучуларынын кыргыз тили жана адабияты боюнча жалпы билим деңгээлин баалоо, тил илиминин негизги түшүнүктөрүн өздөштүрүүсүн, оозеки кепте, жазууда өз оюн туура, так айтууга багытталган маселелерди чечүү.

Жыйынтыгында, 5-11-класска чейин окуучулардын билим сапатынын деңгээли төмөн экендигин көрсөтүшүп, билим сапатынын орточо көрсөткүчү 44% ды, жетишүүсү 65%ды түздү. Орто эсеп менен алганда иш 49%дан аз аткарылган. Анын себептери: үй тапшырмаларын такай аткарбагандыгы, окууга болгон мотивациясынын начардыгы, көпчүлүк учурларда ата-энелердин көзөмөлүнүн жоктугу, өтүлгөн материалдын көптөгөн темалары боюнча билимдердин жетишсиздиги, эне тилинде сүйлөө кебинин начардыгы, жазууда орфографиялык, стилистикалык каталарды көп кетиргендиги болуп эсептелет.

Ал эми 1-чейрекке карата билим сапатынын орточо көрсөткүчү 46,1 %ды, жетишүүсү 73,7%ды түздү. Бул көрсөткүч алгачкы диагностикалык текшерүү ишинин билим сапатына караганда орточо көрсөткүчү 2%га, ал эми жетишүүсү 8,7 %га жогорулагандыгын көрсөтүп турат.

Билим сапатынын жалпы деңгээли ортодон төмөн, бул бизге “тобокелдик тобундагы” окуучуларды бөлүп көрсөтүүгө укук берет.

**Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басар** Ж.Т. Шадыбекова